КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГУЗ РАЙОНУ
ЖЕТИ-ӨГУЗ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
ЖЕТИ-ОГУЗСКОГО АЙЫЛЬНОГО
АЙМАК

« 09 » 02 2024-ж. № 64

# ЖЕТИ-ӨГҮЗ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИ XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XXV СЕССИЯСЫНЫН

# ТОКТОМУ

**Жети-Өгүз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын жергиликтүү бюджетинин аткарылышын жана 2024-жылга жергиликтүү бюджеттин ошондой эле 2024-2025-жылдарга бюджеттинин долбоорун бекитүү жөнүндө:**

Жети-Өгүз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн финансы- экономикалык бөлүмүнүн башчысы С.Омуралиеванын маалыматын жана Жети-Өгуз айылдык кенешинин финансы – экономика боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Дуйшекеева Н. 2023- жылдын бюджетинин аткарылышын жана 2024- жылга жергиликтүү бюджетин ошондой эле 2025-2026-жылдарынын долбоорун угуп талкуулап, айылдык Кенешинин сессиясы

**Токтом кылат:**

1. Жети-Өгүз айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023- жылдын жергиликтүү бюджетинин аткарылышы кирешелер боюнча 64037,6 (алтымыш төрт миллион отуз жети миң алты жүз ) сом чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы 64037,6 (алтымыш төрт миллион отуз жети миң алты жүз ) сом менен бекитилсин.

2 . 2024- жылга айыл өкмөтү боюнча жүгүртүлүүчү накталай акча каражаты 500,0 (беш жуз ) сом өлчөмүндө бекитилсин.

3. Жергиликтүү бюджеттен 2024 жылы түшүүчү киреше бөлүгү атайын каражаттарын кошкондо№ 1 тиркемеге ылайык 68725,7 (алтымыш сегиз миллион жети жүз жыйырма беш миң жети жүз ) сом менен жана чыгаша бөлүгү № 2 тиркемеге ылайык 68725,7 (алтымыш сегиз миллион жети жүз жыйырма беш миң жети жүз ) сом менен бекитилсин.

4. 2024 жылга айыл аймактын айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджети киреше салыгы боюнча нормативдик чегерүүлөр айыл аймактарына калтырылгандыктан менчиктин баардык түрлөрүндөгү ишканалардан,уюмдардын пайдасынан, атуулдардын кирешелеринен,юридикалык тараптардан алыну үчүн жер салыктардан,жерди кайра бөлүштүрүү фондусунан алуунучу ижара акыдан, юстиция органдары тарабынан алынуучу мамлекеттик пошлинадан жергиликтүү бюджетке чегерүүлөрдүн өлчөмү, ата -энелерден түшүчү акы № 3 тиркемеге 68725,7 (алтымыш сегиз миллион жети жүз жыйырма беш миң жети жүз ) сом менен бекитилсин.

5. Жергиликтүү бюджеттен каржылануучу эмгек акы фондусунун чектелген көлөмү 12814,6 ( он эки миллион сегиз жүз он төрт миң алты жүз) сом менен № 4 тиркемеге ылайык бекитилсин.

6. Жергиликтүү бюджетке 2024-жылы жайыт акысынан келип түшүүчү кирешелер жана чыгымдар 196,1 (бир жүз токсон алты миң бир жүз ) сом өлчөмүндө бекитилсин жана акча каражатынын жетишбегендигине байланыштуу 100 пайыз жайыт комитетине түшсүн.

7. 2023жылда төлөнбөй калган карыздарды 2024- жылдын бюджетине каралган чыгымдардын чегинде төлөө жүргүзүлсүн.

8. 2024-жылдын ичинде, түзүлгөн кырдалга жараша статьядан статьяга, кварталдан кварталга жылдыруу жагы айылдык кенешинин туруктуу бюджеттик комиссиясынын макулдашуусу менен жылдырылсын.

9. Жети-Өгүз айыл өкмөтүнө мектептер жана бала бакча боюнча эсеп кысап жүргүзүү үчүн айлык маянасы 15,0 миң сом өлчөмүндө 1 штат бирдиги жана мамлекеттик сатып алуулар боюнча тендер өткөрүү үчүн айлык маянасы 18,0 миң сом өлчөмүндө 1 штат бирдиги айыл өкмөтүнөн, келишимдин негизинде эмгек акы төлөп берүү жагы жергиликтүү бюджетке киргизилсин.

10. КР Өкмөтүнө караштуу ЖОБММнын 2016 жылдын 12.10. № 01-24/166 буйругунун негизинде айылдык кенешинин төрагасына бир жолку жөлөк пул 6,5 миң сом, соц.фондко 1,1 миң сом төлөнсүн.

11. Спорт комплекске 70811 бөлумунө 1 штат бирдиги 14,8 сом айлык менен бекитилсин жана 22211100 берененсинен жаштар арасынды спорттук мелдештерге барып катышуусуна 500,0 миң сом, капиталдык ремонт жүргүзүү үчун 500,0 сом, кезектеги ремонтко 70,0 миң сом, спорт буюмдарын алуу үчун 277,5 сом бөлүнсүн.

12. Жети- Өгүз айылындагы Данаке Иманов мектебинде коррекциялык классында окуп жаткан мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды Кабак,Чырак,Желе-Добо,Жети- Өгүз,Ак-Кочкор айылындарынан ташып алып келип.кайра алып барган микроавтобустун айдоочусуна 1 штат бирдиги келишимдин негизинде эмгек акы айына 7040 сом өлчөмүндө төлөп берүүсү күйүүчү майына 107,1 миң сом, унаа тетиктерине 50,0 (элүү миң) сом жергиликтүү бюджетке киргизилсин. Мектептеги ыссык тамагына ар бир окуучу балага 4 сомдон чектелип бекитилсин

13.К.Кушбеков мектебинин мешин оңдотууга жана капиталдык ремонтуна 2000,0 млн. сом, Талып -Акун мектебинин тегерегин темир каша курчоосуна 3000,0 млн.сом бөлүнсүн.

14 Айыл өкмөтүнүн резервдик фондусу 671,5 миң сом өлчөмүндө бекитилсин. Жашоо шарты абдан начар үй-бүлөөлөрду көмур менен камсыз кылуу үчүн 396,0 миң сом бөлүнсүн

15.Таштандыларды чыгарууга ар бир түтүндөн 20 (жыйырма) сом өлчөмүндө баардыгы 45,0 (кырк беш миң) сом менен бекитилсин.

16.Бала бакчанын балдардын тамак ашына 595,4 миң сом менен бекитилсин, полун алмаштыруу үчун 350,0 миң сом ,тарбиячыларга тышкы ажаткана салуу үчүн 300,0 миң сом акча каражаты бөлүнсүн.

17. Бала бакчага атайын эсепке ата-энелерден түшүүчү акча каражаты 200 бала менен 1575,0 миң сом (Бир миллион беш жүз жетимиш беш миң) сом өлчөмүндө бекитилсин.

17 .Ата энелерден чогултуучу салымы 1000 сом менен бекитилсин анын ичинен :
жакыр үй бүлөлөрдөгү 8 бала 500 сом менен калган 500 сомдон айыл өкмөтүнүн бюджетинен төлөнсүн.

18. Жыл ичинде айыл өкмөтү боюнча иш чараларды өткөрүү үчүн жана башка муктаждыктарына 70823 бөлумунө 3232,2 миң сом акча каражаты бөлүнсүн.

19. Жакыр үй бүлө, жалгыз бой, кары адамдарга жана башка элдин муктаждыгын чечип берүү үчүн, пробацияга 71093 бөлүгүнө 300,0 миң сом бөлүнсүн.

20 .Өзгөчө кырдаалга 70629 бөлүгүнөн 22141100 беренесинен күйүүчү майга 183,4 миң сом 21154900 беренесинен 50,0 миң сом, атайын киймдер,чарбалык жана башка керектөөлүүчү буюмдарды алууга 215,9 миң сом баардыгы 449,3 миң сом,контейнер алууга 120,0 миң сом, милиция кызматкерлерине 2 даана боди камера (төш видеорегистратор) комплектиси менен камсыз кылуусуна 378,5 миң сом, жолбун иттерди атууга 40,0 сом өлчөмүндө бекитилсин.

21 Жолдорго кум,шагыл төгүп түздөө үчүн 1000,0 млн. сом, Жети-Өгуз айылынын Мамырбаев көчөсүндөгү көпүрөсүн капиталдык ремонттон откоруү үчүн 2500,0 сом, Ак-Кочкор айылына кетүүчу жолдун жээгине тротуар салуу үчүн өздүк салым катары 4000,0 млн.сом,жаны конуштарга электр чубалгыларды орнотуу учүн 7011,0 мин сом ,Беккаря чункурун салуу үчун 1000,0 млн.сом, АПЫ,Көл- Кечүү насостук станцияларынын ондоо иштерине жабдууларды алуу үчүн 190,0 миң сом, таштандыларды тогүүчү жайды курчоо үчүн 1000,0 млн сом,малга навес салуу үчүн курулуш материалдарга 1000,0 млн сом(Сырт өрөөну) акча каражаты бөлүнсүн.

22.Жети-Өгүз айылындагы элди тейлөө борборунун бүтүрүү курулуш иштерине 4222,1 млн. сом, Желе-Дөбө айылындагы спорт залдын курулушун улантуусуна 4000,0 млн сом акча каражаты каралсын.

23. Жергиликтүү бюджетинин 2025- жылга кирешелерден түшүүчү божомолу 69788,9 ( алтымыш тогуз миллион жети жүз сексен сегиз миң тогуз жүз) сом, 2026- жылга 70845,7 (жетимиш миллион сегиз жүз кырк беш миң жети жуз) сом № 5 тиркеме менен бекитилсин.

24. Лизингке алынган комбайындардын төлөмдөрү үчүн 4572,0 миң сом акча каражаты бөлүнсүн.

25. Каралган жергиликтүү бюджетин макулдашуу жагы райондук финансы башкармалыгынан суралсын.

26 Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы туруктуу комиссиянын төрайымы Н.Дүйшокеевага жүктөлсүн.

27 Токтомдун аткарылышын айыл өкмөт башчысы Т.Н.Иманбаевге милдеттендирилсин.

28. Токтом 2024-жылдын 01- январынан баштап күчүнө кирет.

Төрагасы: Ургаипов Б.А.